**12.00.02 - – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» аттуу темадагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган диссертациясы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору (12.00.02), доцент Токтогулов Алмаз Асылбековичтин**

# КОРУТУНДУСУ

Эксперттик комиссиясынын мүчөсү Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин диссертациялык ишин карап чыгып, төмөнкү жыйынтыкка келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» темасында юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуш кылынган Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин кандидаттык диссертациясы Д 12.24.695 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Автор диссертациялык изилдөөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн теориялык жана методологиялык негиздерин, алардын конституциялык-укуктук кепилдиктерин, мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүүдөгү татаал маселелерди, функциялардын кайталанышына байланыштуу проблемаларды, конституциялык жөнгө салуунун принциптерин, учурдагы мыйзамдардын абалын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусун өркүндөтүү жолдорун изилдейт. Практикалык аспектилерге басым жасап, автор эл аралык тажрыйбаны анализдеп, Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын жакшыртуу үчүн тутумдуу чараларды сунуштайт, бул 12.00.02 – конституциялык укук жана муниципалдык укук адистигинин талаптарына толук шайкеш келет.

**2. Изилдөөнүн максаты** - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусун жана уюштуруучулук

негиздерин ар тараптуу талдоо, көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түшүнүгүн, белгилерин жана маңызын аныктоо.
2. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн негизин түзгөн конституциялык принциптерди изилдөө;
3. Кыргыз Республикасындагы ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүнүн конституциялык-укуктук негиздерин пайда болуусун жана өнүгүүсүн талдоо.
4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмүн жана ыйгарым укуктарын изилдөө менен аларга карата сунуштарды иштеп чыгуу.
5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдар менен чектешүүсү боюнча укуктук көйгөйлөрдү аныктоо жана мамлекеттик органдар тарабынан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарга талдоо жүргүзүү.
6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү мыйзамдуулуктун акарылышын, тартиптин сакталышын жана жоопкерчиликке тартуунун укуктук негиздерин жана андагы көйгөйлөрдү аныктоо.
7. Административдик-аймактык реформанын жүрүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында пайда болгон көйгөйлөрдү изилдөө жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.
8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган мыйзам актыларын изилдөө жана аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусу жана алардын уюштуруучулук негиздери болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын статусун, ыйгарым укуктарын, уюштуруучулук түзүмүн жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү механизмдерин жөнгө салуучу конституциялык-укуктук нормалар.

**Изилдөө усулдарынын диссертациянын маселелерине шайкештиги.** Изилдөөнүн усулдук негизин ченемдик-укуктук актыларды анализдөө жана синтездөө; илимий эмгектерди изилдөө, жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун чет элдик тажрыйбасына салыштырма-укуктук усулду колдонуу менен изилдөө; формалдуу-укуктук усул – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын талдоо; тарыхый-укуктук усул – Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эволюциясын изилдөө;

системалык анализ – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмүн жана алардын мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүүсүн изилдөө.

**2.2. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу** Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБ) конституциялык-укуктук статусун жана уюштуруу негиздерин терең изилдөө зарылчылыгы менен аныкталат, бул бир катар маанилүү факторлор менен шартталган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жергиликтүү өз алдынча башкаруу өзүнчө институт катары бекитилген, ал элдик бийлик принциптерин ишке ашырууга, башкарууну децентрализациялоого, жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыктарын коргоого жана муниципалдык кызматтардын сапатын жакшыртууга багытталган башкаруу системасынын маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Укуктук мамлекетти куруу жана коомду демократиялаштыруу контекстинде ЖӨБ органдарынын укуктук жөнгө салуусун өркүндөтүү зарылчылыгы актуалдуу болуп жатат.

Ошентип, ЖӨБ органдарынын укуктук статусун жана уюштуруучуулук негиздерин изилдөө Кыргыз Республикасынын башкаруу системасын реформалоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана демократиялык мамлекетти өнүктүрүү муктаждыктарына жооп берет.

**Диссертацияда коюлган ар бир маселени чечүүнүн зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттык маалыматтарды сынчыл талдоонун деңгээли жана толуктугу.** Диссертациялык изилдөө процессинде автор бир катар илимий булактарды терең талдап, ар түрдүү таануу ыкмаларын кеңири пайдаланган, бул коюлган максаттар менен милдеттерге ылайык жарыяланган теманы толук ачууга шарт түзгөн. Диссертациялык иш фундаменталдуу жана инновациялык мүнөзгө ээ болуп, анын түзүмү ырааттуулугу жана толуктугу менен өзгөчөлөнөт.

Жогоруда айтылгандарга таянып, изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө абдан актуалдуу жана өз убагында жүргүзүлгөн деген жыйынтык чыгарууга болот.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште төмөнкү жаңы илимий негизделген теориялык жыйынтыктар көрсөтүлгөн, алардын жыйындысы юридикалык илимдин өнүгүшү үчүн маанилүү мааниге ээ.

**1 - натыйжа.** Автор тарабынан «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары» түшүнүгүнө автордук аныктама иштелип чыккан. «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары – бул жергиликтүү коомчулукта өз ыйгарым укуктарынын негизинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү максатында түзүлгөн өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары». Изденүүчү,

бул аныктаманы мыйзамдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түшүнүгүнүн так аныктамасы жоктугунан келип чыккан укуктук белгисиздикти жоюу жана мыйзамдардын дал келишин камсыз кылуу үчүн мыйзамга кошуу сунушун берген.

**2 – натыйжа.** Диссертант жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү конституциялык принциптерди үч топко бөлүп караган: адам, коом жана мамлекеттин өз ара байланышынын принциптери; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү конституциялык принциптер; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдарынын жоопкерчилиги. Автор тарабынан принциптерди мындай тутумдаштыруу ченемдик базага тактык киргизилээри жана мыйзамдарды ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатаары негизделген.

**3 - натыйжа.** Изденүүчү диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук негиздеринин тарыхый өнүгүүсүн 6 этапка бөлүп талдаган. Автор тарабынан ар бир этаптын укуктук өзгөчөлүктөрү белгиленип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүлүшү жана алардын ыйгарым укуктарынын өнүгүшүндөгү негизги өзгөчөлүктөрүн аныктаган.

**4 – натыйжа.** Изденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 112-беренесине өзгөртүү киргизүү сунушталып, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасы төмөнкүдөй так белгиленген: жергиликтүү кеңештер (өкүлчүлүк органдар), айыл өкмөтү жана мэриялар (аткаруу органдары), айыл башчысы (жергиликтүү өзгөчө шарттарда маселелерди чечүүчү орган). Автор, мындай өзгөртүү киргизүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын туруктуу түзүмүн камсыздап, алардын укуктук макамын сактап калууга өбөлгө түзөөрүн негиздеген.

**5 – натыйжа.** Диссертацияда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү боюнча илимий негиздүү сунуштар мыйзамдарга өзгөртүү жана толуктоо киргизүү аркылуу белгиленген. Натыйжада финансылык камсыздоо жана функциялардын кайталанбоосу маселелери, өкүлдөө, мыйзамдуулук, тараптардын тең укуктуулугу жана отчеттуулук принциптеринин негизинде жүргүзүү зарылдыгы негизделген.

**6 – натыйжа.** Автор тарабынан жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусун жогорулатуу үчүн, айыл өкмөтү жана райондук маанидеги шаарлардын мэрлерин дайындоо боюнча алардын макулдугун алуу сунушу берилген. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамына кадрлар резервинен тандалган

талапкерлерди депутаттардын добушу менен дайындоо аркылуу, алардын ролун күчөтүү боюнча жобону киргизүү сунушталган.

**7 – натыйжа. Диссертант ж**ергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктук статусун өркүндөтүү үчүн мыйзамды эки өзүнчө мыйзамга бөлүүнү сунуштаган: «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө». Автор, өз алдынча эки мыйзамды кабыл алуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынча ишмердүүлүгүн камсыздоого жана конституциялык принциптердин укуктук өзгөчөлүгүн так аныктоого шарт түзөөрүн негиздеген.

**8 – натыйжа.** Изденүүчү тарабынан административдик-аймактык реформанын алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадрдык курамын өркүндөтүү, кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу жана карьералык өсүш системасын киргизүү боюнча практикалык сунуштар иштелип чыккан. Бул чаралар муниципалдык кызматкерлердин потенциалын жогорулатуу жана иштин натыйжалуулугун арттырууга багытталган.

**9 – натыйжа.** Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын компетенциясын жана жоопкерчилигин кеңейтүү боюнча жаңы жоболор иштелип чыгып, алардын ыйгарым укуктарынын так чектерин жана коом алдындагы милдеттерин тактоо сунушталган.

**3.1. Алынган натыйжалар заманбап юридикалык илимдин алкагында илимий жаңылыкты мүнөздөйт, ал төмөнкүлөрдөн турат:**

*1 - натыйжа.* **Жаңы,** анткени Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түшүнүгүнүн так аныктамасы биринчи жолу сунушталып, бул аныктама укуктук белгисиздикти жоюуга жана мыйзамдардын дал келишин камсыздоого багытталган.

*2 - натыйжа.* **Жаңы,** анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү конституциялык принциптер системалуу негизде топтоштурулуп, алардын структурасы так аныкталган.

*3 – натыйжа.* **Жаңы,** анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тарыхый өнүгүүсү алгачкы жолу 6 этапка бөлүнүп, ар бир этапка укуктук өзгөчөлүктөр белгиленген.

*4 – натыйжа.* **Жаңы,** анткени Конституциянын 112-беренесине түздөн-түз өзгөртүү киргизүү сунушталып, ЖӨБ органдарынын туруктуу структурасын жана алардын укуктук статусун камсыздоо идеясы алгачкы жолу иштелип чыккан.

*5 - натыйжа.* **Жаңы,** анткени мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүүнүн мыйзамдуу, финансылык жана административдик жактан камсыздоо механизмдери сунушталган.

*6 - натыйжа.* **Жаңы,** анткени депутаттардын статусун күчөтүү жана аткаруу органдарын дайындоодо алардын макулдугун алуу боюнча конкреттүү механизмдер сунушталган.

*7 - натыйжа.* **Жаңы,** анткени ЖӨБ жана мамлекеттик администрация тууралуу мыйзамды эки өзүнчө мыйзамга бөлүү концепциясы иштелип чыгып, бул конституциялык принциптерге ылайыкташтырылган.

*8 - натыйжа.* **Жаңы,** анткени кадрлар системасын өркүндөтүү жана кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыккан.

*9 - натыйжа.* **Жаңы**, анткени депутаттардын компетенциясын жана жоопкерчилигин кеңейтүү боюнча жаңы жоболор иштелип чыккан.

**3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө**

Диссертациялык иште түзүлгөн жыйынтыктар жана тыянактар жетиштүү негизделген жана ишенимдүү, бул колдонулган методологиялык аппарат менен аныкталат.

**1 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени формалдуу-укуктук жана системалуу анализ ыкмалары колдонулуп, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана эл аралык укуктук тажрыйба салыштырылып, мыйзамдагы түшүнүктүк боштукту жоюу боюнча сунуш иштелип чыккан.

**2 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени конституциялык жоболордун жана эл аралык тажрыйбанын анализи жүргүзүлүп, конституциялык принциптер системалуу негизде түзүлүп жана алардын колдонулушу так аныкталган.

**3 – натыйжа**. Негизделген жана ишенимдүү, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тарыхый өнүгүүсүнө тийиштүү архивдик жана укуктук булактар талданып, алардын ыйгарым укуктарындагы өзгөрүүлөр так белгиленген.

**4 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана ченемдик укуктук актыларынын анализи жүргүзүлүп, ЖӨБ органдарынын структурасын туруктуу негизде белгилөө сунушталган.

**5 - натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына берүү боюнча мыйзамдардын жана практикадагы көйгөйлөрдүн анализи жүргүзүлүп, финансылык камсыздоо жана отчеттуулук механизмдери сунушталган.

**6 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ЖӨБ органдарынын кадрлар резервин түзүү жана дайындоо механизмдери мыйзамдардын, практика жана эл аралык тажрыйбанын анализине негизделип иштелип чыккан.

**7 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени ЖӨБ жана мамлекеттик администрация боюнча мыйзамдарды эки өзүнчө мыйзамга

бөлүү сунушу конституциялык принциптерди жана мыйзамдардын анализин эске алуу менен иштелип чыккан.

**8 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени кадрлар системасын өркүндөтүү боюнча сунуштар мыйзам жана практика менен бекемделген.

**9 – натыйжа.** Негизделген жана ишенимдүү, анткени депутаттардын компетенциясын жана милдеттерин тактоо боюнча сунуштар мыйзамдык жана практика менен далилденген.

**3.3. Диссертациялык иштин теориялык мааниси**

Диссертация Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык-укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери боюнча системалуу жана комплекстүү илимий изилдөө жүргүзүү менен конституциялык жана муниципалдык укук илимине олуттуу салым кошот.

Илимий натыйжалар ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүндөгү теоретикалык маселелерди кеңири ачып берип, алардын укуктук табиятын жана уюштуруучулук түзүлүшүн терең түшүндүрөт.

Натыйжалар конституциялык жана муниципалдык укуктук илимде жаңы багыттарды иштеп чыгууга жана учурдагы ЖӨБ органдарынын укуктук макамын өркүндөтүү боюнча концептуалдык ойлорду бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

Диссертациядагы ой-пикирлер жана сунуштар конституциялык жана муниципалдык укук илимин өркүндөтүүдө, ошондой эле жогорку окуу жайларында юридикалык билим берүүдө, окуу программаларын иштеп чыгууда колдонулууга ылайыктуу.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши**

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» темасындагы диссертациялык иштин аткарылышы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине дал келет жана юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген диссертациялык иши кандидаттык диссертациянын илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон милдетти чечүү сыяктуу квалификациялык белгисине туура келет.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү**

Диссертациянын жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарынын укуктук макамын жана уюштуруучулук негиздерин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштардын топтомун берет. Сунушталган өзгөртүүлөр мыйзамдарды өркүндөтүүдө, ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн жогорку деңгээлге чыгарууда, алардын жоопкерчилигин

жана отчеттуулугун күчөтүүдө, мамлекеттик жана жергиликтүү органдар ортосундагы ыйгарым укуктарды так бөлүүдө колдонулушу мүмкүн.

Мындан тышкары, сунуштар ЖӨБ системасында кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу жаатында, эл менен өз ара аракеттенүү механизмдерин жакшыртууда, санариптик платформаларды киргизүүдө жана эл аралык тажрыйбаны адаптациялоодо практикалык мааниге ээ. Бул сунуштардын ишке ашырылышы ЖӨБ органдарынын ишин натыйжалуу кылууга, элдин ишенимин жана муниципалдык кызматтардын сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн милдеттерине толук шайкеш келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей резюмеге ээ.

**6. Эскертүүлөр:**

Жалпысынан диссертациялык изилдөө боюнча сын пикирлер жок. Бирок кошумча редакциялоонун зарылдыгын белгилеп кетишибиз керек. Техникалык жана стилистик каталарды жоюу иштерин алып баруусу керек. Ошону менен бирге, келтирилген эскертүүлөр диссертациялык иштин жалпы сапаты менен мазмунуна шек келтирбейт жана сунуштама мүнөзүндө берилди.

**7. Сунуштар**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү Токтогулов Алмаз Асылбекович изденүүчү Ж.Б. Кыдыралиевдин кандидаттык диссертациясы боюнча төмөнкүлөрдү дайындоону сунуштайт:

- **жетектөөчү уюм катары** Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинин «Юриспруденция жана эл аралык укук» кафедрасын дайындоо; Адреси: Бишкек ш., Чуй пр.255

- **биринчи расмий оппонент катары** - Бейшембиев Э.Дж., юридикалык илимдердин доктору (12.00.02), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин Юридикалык институтунун мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы кафедрасынын профессору, изилдөө маселесине жакын төмөнкү эмгектери бар:

1. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызская Республика и современное международное право. Монография.-Б.:Алтын принт.2020.-244 с.
2. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызстан – от кочевого к современному государству. – Б. Вестник КГЮА. - №2. – 2008. – С. 16-20
3. Бейшембиев Э.Дж. Кыргызстан и международные договоры. – Научные труды. Эдилет. – Алматы. - №2 – 2012.- С.102-105.

- **экинчи расмий оппонент катары** – Сатимкулов Убайдулла Акилбекович, юридикалык илимдердин кандидаты (12.00.02), Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун судьясы, изилдөө маселесине жакын төмөнкү эмгектери бар:

1. Сатимкулов У.А. Некоторые аспекты полномочий Президента Кыргызской Республики, касающиеся вопросов гражданства // Вестник КРСУ. 2017. Том 17. № 6

2. Сатимкулов У. А. Обжалование решения по вопросам гражданства // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. 2016. №12-3.

3. Сманалиев К. М., Сатимкулов У. А. Возбуждение дела о гражданстве Кыргызской Республики // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. 2016. №12-3.

**8. Сунуштамалар**

1. Изилдөөнү мыйзамдык деңгээлде компетенцияларды так бөлүштүрүүнү камсыз кылган жана административдик реформанын алкагында функциялардын кайталанышын жоюуга багытталган конкреттүү механизмдерди иштеп чыгуу менен өркүндөтүү зарыл. Бул механизмдер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын натыйжалуулугун жогорулатууга жана башкаруу системасын оптималдаштырууга өбөлгө түзөт.

**9. Корутунду**

Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери» деген темадагы диссертациялык иши системалуу жана комплекстүү мүнөзгө ээ, ЖӨБ органдарынын укуктук макамын жана уюштуруучулук түзүлүшүн өркүндөтүү багытында жаңы илимий жыйынтыктарды жана практикалык сунуштарды камтыйт.

Изилдөө Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу жана муниципалдык укугу чөйрөсүндө илимий багыттарды тереңдетүүгө багытталган жана конституциялык-укуктук ченемдерди өркүндөтүүдө колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда изденүүчүнүн юридика илимине кошкон жеке салымын күбөлөндүрүүчү бир катар жаңы илимий натыйжалар жана жоболор камтылган. Изилденип жаткан тармактагы бар болгон көйгөйлөрдүн сунушталып жаткан жаңы чечимдери жана ыкмалары жетиштүү деңгээлде аргументтештирилген жана сынчыл көз караш менен бааланган.

Диссертация илимий жана практикалык мааниси бар илимий-квалификациялык иш болуп саналат жана 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча илимдин кандидаты даражасына сунушталууга татыктуу деп табылат.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, юридика илимдеринин доктору, доцент Токтогулов Алмаз Асылбекович, сунушталган документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу Д 12.24.695 Диссертациялык кеңешине 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн **Кыдыралиев Жаныбек Болотовичтин «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын конституциялык укуктук статусу жана уюштуруучулук негиздери»** аттуу диссертациясын кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперттик комиссиясынын мүчөсү:**
**Юридика илимдеринин доктору, доцент** **А.А. Токтогулов**

*Эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн кол тамгасын тастыктайм:*

**Д 12.24.695 Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору** **К.С. Жылкичиева**

**«____»___________ 2025ж.**